КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАҢЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 24-29/9

XXIX чакырылыштын 24-кезексиз сессиясы **15.10. 2026-ж**

« Чүй облустук өнүктүрүү фондуна катышуу үчүн сметаны бекитүү жана акча каражаттарын бөлүп берүү жөнүндө »

Жаңы-Пахта айыл аймагынын 2027-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү планы жана «Жаңы-Жер айылындагы маданият үйүн капиталдык оңдоодон өткөрүү» зарылдыгы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысынын маалыматын угуп жана талкуулап, Жаңы-Пахта айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Чүй облустук өнүктүрүү фондунун 2027-жылга карата «Жаңы-Пахта айыл өкмөтүнүн Жаңы-Жер айылындагы маданият үйүн капиталдык оңдоо» долбоору боюнча 23 372 218 сом өлчөмүндөгү сметасы бекитилсин.

2. 2027-жылга 500 000 сом (беш жүз миң сом) өлчөмүндө өздүк салым бекитилсин.

3. Айыл өкмөтүнүн башчысы 2027-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнө 500 000 сом (беш жүз миң сом) өлчөмүндөгү өздүк салымды киргизсин.

4. Чүй облустук өнүктүрүү фонду тарабынан жактырылгандан кийин айыл өкмөтүнүн башчысы тиешелүү акча каражаттарын бөлүп берсин.

5. Бул токтомдун аткарылышы Жаңы-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы М.К. Абдыкеримовго жүктөлсүн.

Төрага **З.М. Саитбеков**